**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**

# ТОКТОМ

Жарандар Ш.Мамбетова, И.Жунусова, А.Калбаева, Р.Нурбаеванын конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын № окс- 0064/0 2013-жылдын 4-октябрында кабыл алынган аныктамасына карата даттануусу жөнүндө

2013-жылдын 20-декабры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын төмөнкү курамы: төрагалык кылуучу- судья М.Ш.Касымалиев, судьялар Ч.А.Айдарбекова, М.Р.Бобукеева, Д.М.Макешов, Э.Т.Мамыров, Э.Ж.Осконбаев, Ч.О.Осмонова, К.С.Сооронкулова, соттук отурумдун катчысы А.Ж. Таштанованын, жарандар Ш.Мамбетова жана И.Жунусованын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, жарандар Ш.Мамбетова, И.Жунусова, А.Калбаева, Р. Нурбаеванын Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын №окс-0064/0 2013-жылдын 4-октябрында кабыл алынган аныктамасына карата даттануусун карап, төмөнкүлөрдү

**тапты:**

Жарандар Ш.Мамбетова, И.Жунусова, А.Калбаева, Р.Нурбаева 2013-жылдын 26-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары - Конституциялык палата) Сузак райондук сотунун аталган жарандар жабырлануучу болуп таанылган кылмыш иши боюнча 2013-жылдын 1-мартында кабыл алынган токтомун жана Жалал-Абад облусттук сотунун, ушул эле кылмыш иши боюнча 2013-жылдын 10-апрелинде кабыл алынган аныктамасын өз күчүндө калтырып,

Жогорку соттун 2013-жылдын 20-июнунда ушул эле кылмыш иши боюнча кабыл алынган аныктамасын Конституцияга карама-каршы келет деп табууну жана аталган аныктаманы жараксыз деп бузуп берүүнү талап кылып, өтүнүч менен кайрылышкан.

Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы, жарандар Ш.Мамбетова, И.Жунусова, А.Калбаева, Р.Нурбаеванын кайрылуусун карап чыгып, аталган жарандардын талаптары Конституциялык палатага караштуу эмес деп, аны өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы өзүнүн аныктамасында конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында Конституциянын 97-беренесинин 6-бөлүгүндө жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 18-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн иштерди гана карай алат деп белгилеген.

Ошону менен бирге, судьялар коллегиясы талаш туудурган Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун актылары юридикалык касиеттери боюнча мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын катарына кирбегендигин басым кылып көрсөтүп, кайрылуунун субъектилери, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 20-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунда бекитилгендей, конституциялык укуктары жана эркиндиктери кайсы мыйзамда же ченемдик укуктук актыда бузулгандыгын Конституциялык палатага багыттаган кайрылуусунда көрсөтүшкөн эмес дем белгилеген.

Судьялар коллегиясы жарандар Ш.Мамбетова, И.Жунусова, А.Калбаева, Р.Нурбаеванын талаптарын конституциялык сот өндүрүш тартибинде кароо үчүн эч кандай негиз жок деген тыянакка келген.

Жарандар Ш.Мамбетова, И.Жунусова, А.Калбаева, Р.Нурбаева Конституциялык палатанын судьялар коллегиясы кабыл алган аныктамасы менен макул болбогондугун билдирип 2013-жылдын 5-ноябрында Конституциялык палатага даттануу менен кайрылышкан.

Кайрылуучулар даттануусунда тергөө, көзөмөл органдары мыйзамсыз иш-аракет жүргүзгөндүгүн жана Жогорку соттун жазык иштер боюнча жана административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштер боюнча соттук коллегиясы тарабынан кабыл алынган актысы Конституциянын талаптарына карама-каршы келет жана ушул актыда конституциялык укук-эркиндиктери бузулгандыгын көрсөтүп кетишкен.

Аталган жарандар 2013-жылдын 26-сентябрындагы өтүнүчүндө көрсөтүлгөн маселелерди кайрадан кайталап, ошол эле талаптарын коюп,

тергөө, көзөмөл органдары талабынан бузулган укуктарын коргоп, Жогорку соттун кабыл алынган аныктамасын бузуп, жокко чыгарып берүүнү суранышат.

Конституциялык палата, даттануунун жүйөөлөрүн изилдеп чыгып, даттанууну канаттандырууга жана өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алууга негиз тапкан жок.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык Жогорку соттун Конституциялык палатасы мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп табат; Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган күчүнө кирбеген эл аралык келишимдердин конституциялуулугу тууралуу корутунду берет; Конституцияга өзгөртүүлөр тууралуу мыйзамдын долбооруна корутунду берет. Конституциялык палатанын аталган ыйгарым укуктары «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамында да камтылган.

Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Конституцияда жана мыйзамда каралган ыйгарым укуктарынын чегинде гана өзүнүн иш-аракеттерин алып барууга милдетүү. Мамлекет, анын органдары, ошонун ичинде Конституциялык палата, Конституцияда бекитилген ыйгарым укуктардын алкагынан чыгууга тыюу салынгандыгы Конституциянын 5-беренесинин 3-бөлүгүндө так көрсөтүлгөн.

Мындан тышкары, Жазык-процесстик кодексинин 126-беренесине ылайык, эгерде жүргүзүлүп жаткан процесстик аракеттер процесстин катышуучуларынын, ошондой эле жарандардын, уюмдардын таламдарына таасир тийгизсе, ушул кодекстин 25-беренесине ылайык тергөөчүнүн, прокурордун, соттун же алгачкы текшерүү органынын кызматкеринин аракеттери, аталган кодексте белгиленген тартипте даттанылышы мүмкүн. Аталган Кодекстин 127-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, даттануу жазык ишин жүргүзүп жаткан, мыйзам боюнча аны кароого жана ал боюнча чечим кабыл алууга укуктуу болгон мамлекеттик органга же кызмат адамына берилет.

Конституциялык палата, Конституцияныны 97-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, конституциялык контролдоону жүзөгө ашыруучу орган болуп саналат. Ушул эле берененин 7-бөлүгүнө ылайык, Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар тарабынан бузулуп жатат деп эсептесе, ар бир адам алардын конституциялуулугун талашууга укуктуу. Сот органдарынын

актылары, ошондой эле мыйзамдуулугу талашылып жаткан Жогорку соттун аныктамасы, юридикалык касиеттери боюнча, мыйзамдардын же болбосо ченемдик укуктук актылардын катарына кирбейт.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, Конституциянын жана “Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө” конституциялык мыйзамдын жоболорунан келип чыккандай, Жогорку соттун актыларын бузуп жокко чыгаруу же жергиликтүү соттордун чечимдерин күчүндө калтыруу маселелери, Конституциялык палатанын конституциялык сот өндүрүш алкагында каралышы мүмкүн эмес. Андан тышкары, Конституциянын 96-беренесинин 3-бөлүгүндө түздөн түз көрсотүлгөндөй, Жогорку соттун актылары акыркы болуп эсептелет жана даттанууга жатпайт.

Ошондой эле, Конституциялык палата, мыйзамга ылайык, укук коргоо органдарынын иш аракетин текшерип, аларга укуктук баа берип, ишине кийлигишүүгө укугу жок.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесенин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып Конституциялык палата

**токтом кылат:**

1. Жарандар Ш. Мамбетова, И. Жунусова, А. Калбаева, Р. Нурбаеванын Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2013-жылдын 4-октябрындагы аныктамасына киргизилген даттануусу канаттандыруусуз калтырылсын.
2. Конституциялык палатанын токтому ушул даттануу боюнча акыркы, арыз ээлери ошол эле талап жана ошол эле негиздер боюнча Конституциялык палатага кайрадан кайрылуусу мүмкүн эмес .
3. Конституциялык палатанын токтому кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**